**Өмурканова ЧынараТоколоновнанын 13.0.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим беруунун тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү» аттуу темадагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

**П И К И РИ**

**1. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Аралыктан билим берүү XX кылымдагы 80-жж компьютердик техникалык каражаттарды билим берүүгө колдонуунун натыйжасында пайда болгон. Кыргызстанда аралыктан билим берүү системасы 2002-2003-окуу жылынан тартып киргизилди. Бирок, бүгүнкү күндө аралыктан билим берүүнүн программалары жана иштөө эрежелери толугу менен иштелип чыга элек. Билим берүүдөгү маалыматташтыруу процессинде аралыктан билим алуу түшүнүгү менен бирге эле электрондук китепкана жана малыматтык технологиялар деген түшүнүктөр кецири тарала баштады.

Аралыктан билим берүү системасы билим берүүдө гана эмес, жалпы адамдык ченемде алып караганда эки маанилүү көйгөйдү чечет. Биринчиси, физиологиялык жактан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга билим алууга мүмкүндүк берсе, экинчиси билим берүү процессиндеги негизги өтмөк болгон финансылык маселени жөнөкөйлотот жана арзандатат. Ошондуктан, аралыктан билим берүү системасында студенттер жашаган жерине, социалдык абалына, улутуна (жарандыгына) карабастан, бирдей мүмкүнчүлүк менен билим алып, илим менен техниканын соцку жетишкендиктери менен өз учурунда тааныша алат.

Аралыктан билим берүү системасы – окуучуга негизги өтүлүчү материалды камсыз кылуунун технологиясынын көптүгүнөн, окутуу

процесинде окуучу менен окутуучунун интерактивдуу өз ара байланышынан, окуучунун өздүк ишмердүүлүгүнө мүмкүнчүлк берүүдөн түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, аралыктан билим берүүдөгү маалыматташтыруу процессин моделдештирүү жобону практикалык негизде андан ары тереңдетет жана илимий таанып билүүнүн XXI кылымдагы маанилүү багыты болуп саналат.

Демек, ушул көз караштан алганда коргоого коюлуп жаткан «**Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү**» аттуу темадагы диссертациялык изилдөө учурдун актуалдуу маселелерине багытталган деп айтууга болот.

Диссертациялык иш үч главадан турат, изилдөөнүн биринчи главасы **“ЖОЖдо аралыктан билим берүүнү уюштуруунун теориялык өбөлгөлөрү”** деп аталып, анда педагогика илиминдеги аралыктан билим берүү түшүнүгү, ЖОЖдо аралыктан билим берүүнү уюштуруунун педагогикалык негиздери изилденген, жогорку мектептин аралыктан окутуунун педагогикалык принциптерде чагылдырылган окутуунун натыйжасы менен процесстин системасына педагогикалык жана уюштуруучулук-техникалык талаптардын жыйындысы, о.э. бул талаптарды аткаруу боюнча окутуучу менен студенттин ишмердүүлүгүнүн ийгилигин камсыздаган шарттар белгиленген.

Аралыктан окутуунун өзгөчөлүгүн изилдөө, аны уюштурууда негизги мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берүчү жолдоруна арналган адабияттарга талдоо жүргүзүлгөн.

Экинчи глава **“ЖОЖдо аралыктан билим берүү процессин педагогикалык камсыздоонун негизги багыттары** деп аталып, теориялык жана практикалык материалдарды талдоо маселелери каралып, билим берүү системасында окутуунун натыйжалуулугу педагогикалык шарттар максатка ылайык колдонулар такталып, изилдөөнүн жүрүшүндө илимий теорияда

жана практикада топтолгон материалдарды талдоонун негизинде аралыктан окутууну уюштурууда педагогикалык шарттарды аныкталган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык жана практикалык материалдарды тандоонун негизинде аралыктан билим берүүнүн атайын принциптерин аныкталып, аралыктан педагогикалык процессти уюштуруунун негизги шарты моделдештирүү экендиги, окумуштуулар тарабынан белгиленгендиги талданып, алар моделдердин бардык болгон типтерин алардын милдеттеринин даражасына чектешкен, бөлүштүрүшкөн, ажырымдаштрына жараша, объектин олуттуу мүнөздөмөсүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө карай иреттелген.

Жогоруда айтылгандарга таянуу менен аралыктан билим берүүнү моделдештирүүнү колдонуу зарылдыгы аныкталып, ушуга байланыштуу теориялык булактарга таянуу менен аралыктан педагогикалык билим берүүнүн модели иштелип чыкан.

Изилдөөнүн үчүнчү главасы **“ЖОЖдо аралыктан билим берүү процессин уюштурууну тажрыйбалык-эксперименталдык изилдөө”** деп аталып, мында эксперименттин тастыктоочу жана калыптандыруучу этаптары, салттуу жана аралыктан окутуу технологиясын пайдалануу менен окуган студенттерди кесиптик даярдоонун деңгээлин анализдөө менен педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

**2. Изилдөөнүн жүрүшүндө автор негизги милдеттерди чече алган.** Изилдөөнүн илимий жацылыгы, изилдөөчүнүн жекече салымы катары бүгүнкү күнү жогорку окуу жайларында аралыктан окутуу процессинде педагогикалык билим берүүнүн теориядагы жана практикадагы абалынын изилденгендигинде, аралыктан окутууда педагогикалык билим берүүнүн мазмуну, маңызынын жана аны уюштуруунун педагогикалык шарттарынын аныкталгандыгында, жана аралыктан билим берүүнүн технологиясын колдонуу менен педагогикалык билим берүүнүн модели жана “Педагогика” боюнча окуу-методикалык комплексинин иштелип иштелип чыгышын эсептесек болот. Жумуштун

илимий-теориялык жана практикалык баалуулугун диссертациянын экинчи жана үчүнчү главаларынан көрүүгө болот.

Изилдөөчү өзүнүн негизги милдеттери катары жогорку окуу жайында студенттердин аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн теориядагы жана практикадагы абалын изилдөө, студенттеди аралыктан окутууда педагогикалык билим берүүнүн уюштуруучулук педагогикалык шарттарын аныктоо, аралыктан окутуу процессинде педагогикалык билим берүүнүн моделин жана окуу-методикалык комплексин иштеп чыгуу жана аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун эксперимент аркылуу тастыктоону аныктаган.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары катары мектеп окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн сунушталган педагогикалык шарттарды жана иштелип чыккан методикалык системасынын көрсотүүгө болот.

— Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен диссертациянын төмөнкү жетишкендиктерин атап кетсек болот:

— изденүүчү тарабынан аралыктан окутууну уюштуруунун проблемалары боюнча атамекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерине анализ жүргүзүлүп, сырттан окутуу формасы бүгүнкү талапка жооп бере албай калгандыгына байланыштуу өзгөчө билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, студенттердин билим сапатын өркүндөтүү маселеселенин келип чыкканы тастыкталган;

— аралыктан билим берүү үчүн программалык-методикалык жана дидактикалык материалдарга педагогикалык шарттардын комплекси аныкталып ошондой эле студенттердин билимин калыптандырууга колдонулчу окутуунун формалары менен методдорун көрсотүлгөн.

— жогорку окуу жайларында аралыктан окутуу процессинде педагогикалык билим берүүнүн процессии уюштуруунун натыйжалуу методу катары педагогикалык моделдөө иштелип чыкан.

— аралыктан билим берүүнү уюштуруунун теориялык, практикалык жактан ишке ашыруудагы сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте тастыкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн даражасы тиешелүү талаптарга туура келет.

**3. Изилдөөчү тарабынан алынган теориялык жыйынтыктар** катары бакалаврларды даярдоонун шартында педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарынын комплекси мазмундук модели жана окуу-методикалык комплекси иштелип чыкканын көрсөтүүгө болот. Бул жыйынтыктарды билим берүү практикасына киргизүү окуучулардын билим сапатын жогорулатууда өзүнүн оң жыйынтыктарын берет деп эсептөөго болот. Негизги натыйжалар жана жыйынтыктар изилдөөчүнүн өздүк салымын чагылдырып, жактоого чыгарылган жоболорунда орун алган.

**4. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Изденүүчү тарабынан иштелип чыккан жогорк оку жайларында аралыктан окутууда педагогикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берген моделин, педагогикалык шарттарын, окуу-методикалык комплексин, дидактикалык материалдарын, методикалык сунуштарды педагогикалык жогорку окуу жайлардында мугалимдерге методикалык жардам көрсөтө алат.

**5. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын аныктыгы жана далилдүүлүгү төмөндөгүлөр менен негизделет**:

Жогорку окуу жайлардында аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктарын талдоо, эксперименталдык иштин

жүрүшүндө алынган натыйжалар студенттердин «Педагогика» дисциплинасы боюнча билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүнүн калыптанышына таасирин тийгизген көрсөткүчтөрү алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн толук тастыктап турат.

Мындан тышкары, натыйжалардын далилдүүлүгүн, аныктыгын маселеге тиешелүү кеңири илимий адабияттын объективдүү анализи, изилдөөнүн максатына ылайыктуу изилдөөдө бакалаврларды аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн моделин колдонууда төмөндөгүдөй аралыктан окутуунун принциптери мааниге ээ болот: а) билим берүү процессин уюштуруунун педагогикалык моделинин вариантуулугу; б) инновациялык жана традициялык формалардын шартка жараша айкалыштырылышы; в) интерактивдүүлүк; г) билим берүүчү каттамды тандоо эркиндиги; д) билим берүүчү процессте педагогикалык коштоону жекелештирүү жана бөлүштүрүү; ж) маалыматтык технологияларды колдонуу системасы иштелип чыкан.

**6. Диссертациянын практикалык натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.**

Изилдөөнүн натыйжаларын жана жыйынтыктарын пайдалануу боюнча төмөнкүдөй **практикалык, илимий-методикалык сунуштар** иштелип чыккан:

– ЖОЖдо аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн моделин пайдаланууда окутунун натыйжалуулугу жогорулайт;

– аралыктан окутуу процессинде билим берүүнүн уюштуруучулук-педагогикалык шарттарын эске алуу керек;

– аралыктан окутуунун шартында билим берүүдө окутуунун инновациялык жана зарыл болгон учурда традициялык методдорун айкалыштырса туура болот;

– көп баскычтуу университеттик билим берүүнүн шартында аралыктан окутууну методикалык жана дидактикалык камсыздоону тереңдетүү керек.

**7. Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Изденүүчү тарабынан аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн модели түзүлгөн, окуу процессинин жалпы сапатынын деңгээлине бирдиктүү баа берүү методу аныкталган. Окутуу процессинин натыйжалуулугун арттыруу максатында, студенттердин сапаттуу билим алуусун камсыз кылууга багытталган "Педагогика» дисциплинасы боюнча окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, практикага киргизилген.

**8. Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Жарыяланган эмгектер негизинен изилдөөнүн багытына туура келет, изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жогорку окуу жайларында, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Изилдөөнүн темасына байланышкан 14 илимий макала эл аралык жана республикалык илимий басылмаларда жарыяланган.

**9. Диссертациянын мазмуну менен автореферattын мазмунунун шайкештиги.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде бирдей мааниге ээ.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана жазылышындагы жетишпегендиктер.**

Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган.

1. Диссертациянын темасы «Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү» , бирок жумушта педагогика дисциплинасы боюнча эксперимент жүргүзүлгөн.

2. Аралыктан окутунун башка моделдерине анализ берилген, бирок иштетилген моделин башка бир моделге салыштырмалуу жыйынтыктарын көрсөтүп койсо жумуш мынданда балуурак болмок.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын жалпы мүнөзүн түздөн-түз өзгөртпөйт жана анын баалуулугун төмөндөтпөйт.

**11. Изилдөөнүн Кыргыз Республикасынын «Илимий даражаларды ыйгаруунун тартиби боюнча жобонун » талаптарына туура келиши.**

Өмурканова ЧынараТоколоңовнанын «Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү» аттуу темадагы изилдөөсү Кыргыз Республикасынын ЖАКтын кандидаттык даражаны изденип алуу үчүн жазылуучу диссертацияга коюлган талаптарга туура келет, ал эми изилдөөнүн автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**

**педагогика илиминин доктору, доцент:** **Наркозиев А.К.**